**2017-жылдын 15-октябрында Кыргыз Республикасынын Президентин шайлоодо Бакай-Ата аймактык шайлоо комиссиясынын жыйынтыктоочу жыйналышынын №1 ПРОТОКОЛУ**

**18-октябрь, 2017-жыл.**

**Катышкандар:** АШК төрагасы: С.Джамакеев

Катчысы: Б.Чукотаев

**Мүчөлөрү:** А.Чоноев, М.Шайбыров, С.Серекова, Т.Адылов, А.Анарбаев, Д.Исабекова, У.Узенов, Ж.Садабаев, Д.Алымбеков, У.Сагынбаев.

**Байкоочулар:**«Жарандык коом коалициясы» коомдук бирикмесинин байкоочусу: А.Шукиев.

**Күн тартибинде:** Келип түшкөн арыздар (даттануулар) жана добуш берүү учурундагы маселелер жөнүндө.

1. №5051-Кыргызстан шайлоо участогунун шайлоочусу Айтпаева Каныкей Атагозуевнанын арызы.
2. №6051, №6054 жана №6065 шайлоо участокторундагы АЭУ аппараттарындагы үзгүлтүктөр тууралуу.
3. Бакай-Ата аймактык шайлоо комиссиясынын жыйынтык протоколу жөнүндө.

**Угулду:** АШК төрагасы С.Джамакеев биринчи маселе боюнча №6051-Кыргызстан шайлоо тилкесинин шайлоочусу Айтпаева Каныкей Атагозуевнанын арызы менен тааныштырды.

Экинчи маселе боюнча №6051-Кыргызстан шайлоо тилкесинде АЭУ аппараты үзгүлтүккө учурап, монитордо отчету сканирлөө командасы пайда болгон, даталарын 14.10.2017 алмаштыруу менен процессти жыйынтыктап кайра 15.10.2017 датасын келтирип, добуш берүү 9-30 башталгандыгын, №6054-Боо-Терек шайлоо тилкесинде дагы ушундай маселе кайталанып, добуш берүү саат 9-20 башталгандыгын, ал эми №6065-Таш-Кудук шайлоо тилкесинде АЭУ аппаратында дата туура эмес коюлуп (2005-жыл менен) добуш берүү башталып кеткен. Саат 8-30 шайлоо комиссиясы байкап, техникалык колдоо тобун чакырышкан. Буга учурунда АЭУ аппаратынын чеги тиркелген акты түзүлгөн. Алар эртең мененки саат тогуздан кийин датасын (2017-жылга) ондогон. Бирок кайра 11-30 добуш берүү жүрүп жатат деген АЭУ иштебей калган. Дамамат шайлоо комиссиясынын төрагасы акты түзгөн. ТКТ резервдеги АЭУну орнотуп, «калибровка» жасап, баштапкы отчет туура чыккан. Бирок жыйынтыктоочу отчетто АЭУ 199 бюллетенди жараксыз деп таанып жыйынтык берген. Кол менен саноодон кийин 2 гана бюллетень жараксыз болуп, калганы жарактуу деп табылган.

3-маселе боюнча Бакай-Ата аймагындагы 23 (жыйырма үч) участкалык шайлоо комиссиясынын жыйынтык протоколунун негизинде аймактык шайлоо комиссиясынын жыйынтык протоколу түзүү.

Төраганын маалыматын угуп талкуулап, АШК

**чечим кылат:**

биринчи маселе боюнча, №6051-Кыргызстан шайлоо тилкесинин шайлоочусу К.А.Айтпаеванын арызы МККга жана тийиштүү укук коргоо органдарына жөнөтүлсүн.

Экинчи маселе боюнча, АЭУ үзгүлтүккө учураган №6051-Кыргызстан, №6054-Боо-Терек жана №6065-Таш-Кудук шайлоо тилкелериндеги добуш берүүнүн жыйынтык протоколу бюллетендерди кол менен саноодон кийинки жыйынтык менен толтурулуусу туура деп белгиленсин.

3-маселе боюнча- Бакай-Ата аймактык шайлоо комиссиясынын жыйынтыктоочу протоколу жана жыйынды таблицасы 23 (жыйырма үч) участкалык шайлоо комиссиясынын протоколдорунун негизинде толтурулуусу анык деп белгиленсин.

**МАКУЛ: 12 (он эки)** **КАРШЫ: 0 (жок)**

Бакай-Ата аймактык шайлоо комиссиясы Аймактык шайлоо

комиссиясынын төрагасы: С.Джамакеев

аймактык шайлоо
комиссиясынын катчысы: Б.Чукотаев

Аймактык шайлоо
комиссиясынын мүчөлөрү: А.Чоноев

Д.Алымбеков

С.Серекова

Ж.Садабаев

М.Шайбыров

У.Сагынбаев

Т.Адылов

Д.Исабекова

А.Анарбаев

У.Узенов

**Байкоочулар:**«Жарандык коом коалициясы» коомдук бирикмесинин байкоочусу:

А.Шукиев.

Бакай-Ата аймактык
шайлоо комиссиясына
Кыргызстан айылынын
тургуну Айтнаева
Каныкейден

Арыз

Мен сиздерге кайрылганымдын себеби Кыргызстан айылынын №6051 шайлоо участкасынан акыркы илинген тизмеден атым жокум чыкпады 119 номерине чалып ГРСтен билгенимде Бишкек шаарынан Чон-Арык конушуна №1066 участкасында форма 2 (справкасы) арызымын негизинде которулган деди. Бирок мен эч кандай форма 2 толтурган эмесмин кол койгон эмесмин ID картамы эч кимге берген эмесмин. Эмне себептен башка участкага которулганымды тастыктап беришүүңүздөрдү сурайм дер.

Арыз ээси: [signature] Айтнаева К.

14. 10. 2017 ж.